# КЕЛИШИМ № 04-1

**Турмуш- тиричилик калдыктарын ташып чыгаруу боюнча кызматтарды көрсөтүү жөнүндө**

Манас шаары «20» января 2026-ж.

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Жалал-Абад облусу жана Манас шаарынын Юстиция башкармалыгында 2025-жылдын 22-октябрында 114713-3303-М-е каттоо номери менен катталган Манас шаарынын мэриясынын «Тазалык» муниципалдык мекемесинин атынан, жобонун негизинде иштеп жаткан жетекчи **Эргешов Байгазы Анаркулович** мындан ары «Аткаруучу» деп аталган бир тарап жана

„Буюртмачы" деп аталган экинчи тарап

„Жалал-Абад эл аралык университети" мекемеси
(мекеме, уюм, ишкананын толук аталышы)

ИНН 01106202410216 мамлек. каттоо күбөлүгү. (свидет. о гос. регистр.) № 304775-3303-У-е

күнү 11.06.2024, дареги Манас шаары, Курманбек көчөсү, 24

Нарбаев Мирсадин Рахимбердиевич
(жетекчинин аты-жөнү толук)

паспорт сериясы ID 1891893, берген мекеме МКК 214041, берилген күнү 28.10.2020 мындан ары «Буюртмачы» деп аталган экинчи тарап бирге айтканда «Тараптар» болуп ушул келишимди төмөнкүлөр жөнүндө түздүк:

## 1. Келишимдин негизи

1.1. Ушул келишимдин негизинде «Аткаруучу» Манас шаарынын таштандыларды комуу обьекттерине (свалка, полигон) участогуна «Буюртмачынын» аймагынан турмуш-тиричилик калдыктарын (мындан ары ТТК) ташып чыгаруу боюнча кызматтарды көрсөтөт. «Буюртмачы» көрсөтүлгөн кызматтарга ушул келишимде каралган шартта салыктарды кошуу менен кызмат акысын төлөйт;

1.2. Турмуш-тиричилик калдыктарына: коомдук турак-жай имараттарынан чыккан таштандылар, шыпырындылар, коомдук багыттагы ишканалардын спецификалык таштандылары (дүкөндөр, коомдук тамактануу, бала бакчалар, мейманканалар, мекемелер ж.б.) кирет;

1.3. Имараттарды капиталдык жана күнүмдүк оңдоодон чыккан жана (үй) имараттарды куруудан чыккан курулуш таштандыларын, отканадан чыккан кесек күлдөрү, кыш убагында кар жана муз сыныктарын, суюк таштандыларды жана булганычтарды, өндүрүш таштандыларын ташып чыгаруу үчүн кошумча кызмат акы төлөнөт; **$1м^3$-650с**.

1.4. ТТК таштоо үчүн урна ______________________________ жайгашкан.

1.5. Радиоактивдүү таштандыларды, нефтепродуктыларды, кайра иштетүүдөн металл жана башка зыяндуу заттар чыгаруучу буюмдарды жана таштандылар (свалка, полигон) кабыл алынбайт.

## 2. Тараптардын укуктары жана милдеттери

2 1. **«Аткаруучунун» укуктары**:
«Буюртмачыдан» ТТК ташып чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүү жөнүндө түзүлгөн келишимдин жана төлөмдөр боюнча финансылык документтердин (дүмүрчөк ж.б) сакталышын талап кылууга;

2.2 **Буюртмачыдан» ТТК ташып чыгаруу боюнча абонент бөлүмүнө 0(3722) 51629 номерлерине буюртма берилет Мекеменин кызматкерлерине (айдоочу, жумушчуларга) буюртма берилсе кабыл алынбайт. Эгер жумушчу менен айдоочуга буюртма берилсе эки тарап келишим бузулат.**
«Буюртмачы» келишимдин шарттарын <u>жүйөлүү себепсиз</u> аткарбаган жана кырсык болгон учурда кызмат көрсөтүүнү аталган кемчиликтер жоюлганга чейин токтотууга (*Арыз, билдирүү*) негизинде:

2.3 **«Буюртмачыдан» кызмат көрсөтүлгөндүгү үчүн өз убагында акы төлөөсүн талап кылууга укуктуу.**
Көрсөтүлгөн кызматтар үчүн тариф өзгөргөн учурда төлөмдөрдү өзгөртүүгө укуктуу.

2.4. **<u>«Аткаруучунун» милдеттери</u>**:
Өз убагында ТТК ташып чыгаруу боюнча кызматтарды көрсөтүүгө;
ТТК ташып чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөргө көзөмөл жүргүзүүгө;
ТТК ташып чыгаруу боюнча кызматтарга төлөнүүчү төлөмдөрдүн тарифтери өзгөргөн учурда «Буюртмачыга» массалык маалымат каражаттары же жеке өзүнө, анын өкүлдөрү аркылуу өзгөртүү киригизилген күндөн баштап 10 күндөн кечиктирбестен маалымдоого милдеттүү.

2.5. **«Буюртмачынын»** укуктары:
«Аткаруучудан» ушул келишимдин шараттарына ылайык, ТТК ташып чыгаруу боюнча өз убагында жана үзгүлтүксүз кызмат көрсөтүүнү талап кылууга;
«Аткаруучудан» ТТК ташып чыгаруу боюнча тарифтер жана ТТК ташып чыгаруу графиги жөнүндө жеткиликтүү маалымат алууга;
Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте «Аткаруучунун» иштерине даттанууга укуктуу.

2.6. **«Буюртмачынын» милдеттери:**
Ушул келишимдин талаптарын өз убагында так аткарууга;
ТТК ташып чыгаруу боюнча көрсөтүлгөн кызмат үчүн ар айдын **25-күнүнө** чейин төлөмдөрдү төлөөгө;
ТТК таштоочу урнага ушул келишимдин 1.3 пунктунда каралган таштандыларды таштоого жол бербөөгө ;
ТТК ды алып чыгуу үчүн өтүүчү жолдорду камсыз кылууга жана шарт түзүп берүүгө;
ТТК салуучу урна турган жердин айланасын таза кармоого, урнаны бузса, жоготсо, сындырса, күйгүзсө буюмдун баасы боюнча келтирилген чыгымды төлөп берүүгө;
Өзүнүн ишмердигин токтоткон учурда, менчик ээси алмашкан учурда жана ТТКнын өлчөмү көбөйгөндүгү же азайгандыгы жөнүндө «Аткаруучуга» же анын өкүлүнө 30 күндүн ичинде билдирүүгө милдеттүү.

## 3. Акы төлөө шарттары жана тартиби

3.1. Турмуш тиричилик калдыктары (1м³) өлчөмү жана жеринен чыккан топтолгон таштандылары (факты) менен аныкталат;

3.2. Тараптардын макулдугу менен ушул келишим боюнча көрсөтүлгөн кызмат үчүн «Буюртуучу» ар ай сайын **төмөндөгүдөй өлчөмдө акы төлөйт, ашыкча топтолгон таштандыга төлөмдү жеринде эсеп жүргүзүп берилет.**

2025-2026 окуу жылында, Ар бир студентке 45 сом кундузгу. 979 х 45 = 44055 сом айына

3.3. ТТК ташып чыгаруу боюнча көрсөтүлгөн кызматка акы төлөө «Аткаруучунун» банктык эсебине которуу жолу менен же накталай төлөө жолу менен жүргүзүлөт;

## 4. Тараптардын жоопкерчилиги

4.1. Ушул келишимдин шарттарын аткарбагандыгы жана ылайыксыз аткаргандыгы үчүн тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылышат;

4.2. Ушул келишим боюнча тараптардын ортосунан чыккан талаштар жана келишпестиктер, тараптардын сүйлөшүү жолдору аркылуу чечилет. Сүйлөшүү жолдору аркылуу талаштарды чечүү мүмкүн болбогон учурда, талаштар жана келишпестиктер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот органдары тарабынан каралат;

4.3. Таштанды жана башка предметтерди атайын жерлерден башка жерлерде өрттөп, ыргыткандыгы үчүн «Буюртмачы» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат.

## 5. Кошумча шарттар

5.1. Тараптар мыйзамдарга жана башка ченемдик актыларга кирген өзгөртүүлөрдүн, мамлекеттик органдардын тыюу салган же чектөө актыларынын, кокустуктардын (форс-мажор) натыйжаларында ушул келишимде каралган милдеттерин толук же жарым-жартылай аткара албаса, аларды аткаруу кечиктирилсе жоопкерчиликтен бошотулат. (*Кокустуктар (форс-мажор): суу каптоо, өрт, жер титирөө, табигый кырсыктар, техногендик катастрофалар (авариялар), чукул же аскер абалын киргизүү жана террористтик актылар кирет*);

5.2. Келишимдин шарттарына өзгөртүүлөр жана толуктоолор тараптардын макулдугу менен киргизилет;

5.3. Ушул келишимде каралбай калган жагдайлар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жөнгө салынат.

5.4. Манас шаардык депутаттар кеңешинин 2025-жылдын 26-декабрындагы «№7» - токтомунун негизинде, турмуш-тиричилик калдыктарына төлөнүүчү төлөм жаңы тариф менен эсептелинет.

## 6. Келишимдин мөөнөтү

6.1. Ушул келишим эки тарап тең кол койгон күндөн баштап күчүнө кирет. Келишим 20__-жылдын 31-декабрына чейин күчүндө болот;

6.2. Келишимдин мөөнөтү бүткөн учурда тараптардын бири да келишимди токтотуу же ага өзгөртүүлөрдү киргизүү оюн билдирбесе ушул келишим автоматтык түрдө кийинки мөөнөткө узартылат;

6.3. Тараптардын өз ара макулдугу менен же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда келишим мөөнөтүнөн мурда жоюлушу мүмкүн;

6.4. Келишимди бузууну каалаган тарап бул тууралуу экинчи тарапка 30 күн мурун жазуу түрүндө билдирүүгө милдеттүү;

6.5. Ушул келишим түзүлгөн күндөн тартып ТТК ташып чыгаруу боюнча кызматтарды көрсөтүү жөнүндө мурда түзүлгөн келишим күчүн жоготот;

6.6. Келишим кыргыз тилинде эки нускада түзүлдү жана бирдей юридикалык күчкө ээ. Келишимдин бирден нускасы тараптарда сакталат.

## 7. Тараптардын реквизиттери жана даректери

**«Аткаруучу»**

Манас шаарынын мэриясынын «Тазалык» муниципалдык мекемеси.

Манас шаары , Манас көчөсү-92
БИК 440001
филиалы. БИК- 440001 ИНН 02003199710030
Код плаежа 14238900 КСС 4408011223001215
тел: (3722)5-16-29; 5-21-72; 5-10-15;

Жетекчинин Б.А. Эргешов / ________ /
(колу)

Көзөмөлдөөчү: ________________

**«Буюртмачы»**

Жалал-Абад эл аралык университети
(мекеме, ишкананын аталышы)

дареги Манас шаары, Курманбек көчөсү, 24

Тел: +996 3722 5 10 72

Нарбаев М.Р. / ________ /
(ф.а.а.) (колу)